УДК 53:94 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-33-39

**КАДЫШЕВ С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**КАДЫШЕВ С.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**KADYSHEV S.**
KNU J. Balasagyn

# РАКЫМ УСУБАКУНОВДУН – ОКУТУУЧУЛАРЫ ЖАНА ОКУУЧУЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА БАЯН

## КРАТКИЙ ОБЗОР ОБ УЧИТЕЛЯХ И УЧЕНИКАХ РАКЫМА УСУБАКУНОВА

## A BRIEF REVIEW OF THE TEACHERS AND STUDENTS OF RAKYM USUBAKUNOV

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада математика илимине кызыккан кыргыз жаштарынын арасынан биринчи болуп физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына талапкер диссертациясын жактаган Ракым Усубакунов жөнүндө баяндалат. Ал республикабызда математика илиминин өнүгүшүнө жана билим берүүгө чоң салым кошкон, элибиздин намыскөй жана патриот уулдарынын бири болгон. Ошондой эле макалада анын университеттик билим алуусуна таасир берген окутуучулары жана өзү билим берген кээ бир окуучуларынын жетишкендиктери жөнүндө айтылат.

**Аннотация:** В статье рассказывается о Ракыме Усубакунове, который первым среди кыргызской молодежи, интересующейся математикой, защитил кандидатскую диссертацию по физико-математическим наукам. Он внёс большой вклад в развитие математической науки и системы образования в нашей республике, будучи одним из достойных и патриотичных сынов нашего народа. Также в статье упоминаются преподаватели, повлиявшие на его университетское образование, и успехи некоторых его учеников.

**Abstract:** The article highlights the life and contributions of Rakhym Usubakunov, who was the first among Kyrgyz youth interested in mathematics to defend a candidate's dissertation in physical and mathematical sciences. He made a significant contribution to the development of mathematical science and the education system in our Republic, being one of the honorable and patriotic sons of our nation. The article also highlights the teachers who influenced his university education and the achievements of some of his students.

**Негизги сөздөр:** Ракым агай; математика; университет; физика-математика факультети; Еникеев И.И.; Юсупов Ж.; Сухомлинов Г.А.; Франкль Ф.И.

**Ключевые слова:** Ракым агай; математика; университет; физико-математический факультет; Еникеев И.И.; Юсупов Ж.; Сухомлинов Г.А.; Франкль Ф.И.

**Keywords:** Rakym agay; mathematics; university; physics and mathematics faculty; Yenikeev I.I.; Yusupov Zh.; Sukhomlinov G.A.; Frankl F.I.

Университетибиздин 100 жылдык маарекесине арналган [1] эмгекке улай бул макала профессор Феликс Исидорович Франкльдин окуучусу, кыргыз жаштарынын арасында биринчи болуп математика багытында кандидаттык диссертациясын жактаган Ракым Усубакунов агайдын жаркын элесине арналат.



**Усубакунов Р.**

Ракым Усубакунов кыргыз элинин залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун "Эрте келген турналар" повестиндеги согуш мезгилинде эс тартып, эр жеткен каармандары: Байтик, Тайырбек, Сатар, Анатай, Султанмураттардын бири. Ошол мезгилдин балтыр эти толук жетиле элек Ракым агай теңдүү кыргыздын балдары мектептеги окуусунан сырткары согушка кеткен аталарын, агаларын жоктотпой, калың элге аралашып эгин эгип, жыйнап, мал бакканга жардам берип турмуштун ачуу-таттуусун эрте татышкан. Ушул муундун жаштарынан кийин

кыргыздын илим-билимин, адабиятын, маданиятын дүйнөлүк деңгээлге чейин өнүктүрүүгө кудурети жеткен жоон топ залкар инсандардын чыкканы талашсыз. Ошол топтун ичинеде эмгеги толук барктaлбаган, даңкталбаган таланттуу математик, элибиздин намыскөй патриот уулдарынын бири Ракым агайдын эч ким тана алгыс, өзүнүн орду бар. [2-4]

Жума Мамбетовдун эмгегинде [4] Ракым агайдан Кыргыз мамлекеттик университетинде (КМУ) билим алып, кийин илим изилдөө, билим берүү жаатында алгылыктуу ийгиликтерге жетишкен студенттеринин агай жөнүндөгү эскерүүлөрү келтирилген. Сунушталган макалада агайга университетте татыктуу билим, таалим-тарбия берген кээ бир окутуучулары жана агайдан билим алып, элет жергесинин мектеп окуучуларына математика боюнча жогорку деңгээлде билим берүүгө эмгегин, өмүрүн арнаган мугалимдер жөнүндө сөз болмокчу.

Ракым Усубакунов 1929-жылы Ысык-Көл районунун Чок-Тал айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1950-жылы М.В. Фрунзе атындагы КМПИнин физика-математика факультетин математика адистиги боюнча артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1950-1951-жылдары (бир жылча) Пржевальск пединститутунун физика-математика фаультетинде мугалим болуп иштеп, профессор Феликс Исидорович Франклдын чакыруусу менен КМУнун теориялык физика кафедрасынын аспирантурасына өтүп, ийгиликтүү бүтүргөн (1951-1954). 1955-жылы КМУнун диссертациялык Кеңешинде “Истечение плоскопараллельного потока со сверхкритической скоростью через щель из русла конечной ширины” аталыштагы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп, кыргыз улутундагы жаш окумуштуулардын ичинен биринчилерден болуп физика-математика илимдеринин кандидаты илимий даражага ээ болгон.

КМУнун “Жогорку математика” кафедрасынын доценти, кафедра башчысы, физика-математика факультетинин деканы кызматтарын аркалаган (1954 – декабрь,1962). Фрунзе политехникалык институтунун (азыркы И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети) биринчи проректору кызматында иштеп турганда (1962-1967), жогорку математика боюнча окуу китептерди кыргыз тилинде басмадан чыгарып, лекцияларды кыргыз тилинде окуп баштагандыгы үчүн ошол кездеги бийлик тарабынан “улутчул” катары куугунтукталган. Кийинчерээк В.В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунда (азыркы Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде) доцент болуп эмгектенип, 53 жаш курагында, 1982-жылы каза болгон.

Ракым агайдын билим алуусуна, илим изилдөө багытындагы эмгектерине эбегейсиз зор таасир калтырып, университетте билим берген окутуучулары жөнүндө сөз болгондо физика-математика факультетинин ошол кездеги декандары, кафедралардын башчылары: Еникеев Искендер Измайлович, Юсупов Жапар, Сухомлинов Георгий Акимович жана илимий жетекчиси Франкль Феликс Исидоровичтерди эскерип кетүү өтө зарыл. Анткени Ракым агай ушул улуу инсандардан, биринчиден физика, математиканын ар кыл курстарынан билим алса, экинчиден коллективде эл менен иштөөгө, үчүнчүдөн илим изилдөө тармагында изилдөөчүлүк иштерди туура уюштурууга үйрөнгөн.

**ЕНИКЕЕВ ИСКЕНДЕР ИЗМАЙЛОВИЧ (1905-1975)** [5] – 1905-жылы Уфа губерниясынын Белебеевск уездиндеги Каргалы хуторунда төрөлгөн. 1921-1925-жылдары Белебеевск педагогикалык техникумунда билим алып, 1925-1928-жылдары Автономиялуу Башкыр ССРнин Словковск районундагы I тепкичтеги мектептерде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, 1928-1931-жылдары Уфа шаарындагы Москва мамлекеттик университетинин (ММУ) филиалы болгон Педагогикалык институтта билим алууну уланткан. Сабактарынан жакшы жетишкендиги үчүн 1933-жылы Москвага ММУнун физика илим изилдөө институтуна которулган. 1934-жылы окууну аяктаганда мамлекеттик бөлүштүрүү комиссиясынын чечими менен Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтуна (КМПИге) мугалимдик ишке жиберилип, 1934-жылдын 4-августунан 1942-жылдын 2-январына чейин (аскерге чакырылганга чейин) КМПИнин физика-математика факультетинин деканы кызматын аркалап, кыргыз группасында окуган студенттерге физика курстарынан сабак берип, эмгектенген.



**Еникеев И.И.**

1942-жылы 2-январынан Фрунзедеги пехоталык училищеде даярдыктан өтүп, 1945-жылдын 2-августуна чейин Воронеж жана 1-Украина фронтторунда ротанын командири кызматын өтөгөн.

Экинчи жолу оор жаракат алып, госпиталдарда дарыланып 2-даражадагы инвалид болуп, Фрунзеге кайткан. 1945-жылдын 1-сентябрынан 1951-жылдын 1-сентябрына чейин КМПИнин директорунун сырттан окуу боюнча орун басары болуп иштеп, КМПИ университеттик статусту алгандан кийин физика-математика факультетинин эксперименталдык физика кафедрасында улук окутуучу кесибинде, 1970-жылдын 26-августуна чейин студенттерге билимин, таалим-тарбиясын берип келген.

Аскердик эрдиктери үчүн: “Кызыл жылдыз” ордени, ”Германияны жеңгендиги үчүн” медалы, “Улуу Ата мекендик согуш учурундагы каарман эмгеги үчүн” медалы менен сыйланса, жаштарга билим берүү жаатындагы үзүрлүү эмгеги Кыргыз ССРнин агартуу министрлигинин бир нече Ардак грамоталары, Кыргыз ССРнин Жогорку Советинин Ардак грамотасы, Билим берүүнүн отличниги төш белгиси менен белгиленип, “Кыргыз ССРнин эмгек сиңирген мугалими” ардак наамы ыйгарылган.

**ЮСУПОВ ЖАПАР (1909-13.09.1965)** [5] – Каракол кантонунун Мамаң айыл чөлкөмүндө төрөлгөн. 1916-жылдагы Үркүндө ата-энесинен ажырап, жергебизде Совет бийлиги орногондон кийин 1920-жылдан 1923-жылга чейин Пржевальскидеги балдар үйүндө тарбияланган. 1923-1925-жылдары Каракол кантонуна караштуу Күрмөнтү волостундагы айыл чарба техникумунда билим алган. 1925-жылдан Каракол кантондук комсомол комитетинин жолдомосу менен Тверь (кийин Калинин) шаарындагы рабфакта окуп, 1931-1936-жылдары Москва суу-чарба институтунда билим алып, “Инженер-гидротехник” адистигине ээ болуп чыккан.



**Юсупов Ж.**

VII.1936 – VIII.1938-жылдары Ысык-Көл райондук суу-чарба башкармалыгында (Байсоорун айылы) райондук инженер, Кыргыз мамлекеттик проектте инженер-конструктор болуп иштеген.


VIII.1938-жылдан баштап Жапар Юсуповдун эмгек жолу КМПИ (КМУ) менен тыкыс байланыштуу. 1938-жылдын сентябрынан өндүрүштүк кызматтан билим берүү тармагына атайын чакыртылып, математика кафедрасында кыргыз группасынын студенттерине математикадан кыргыз тилинде сабак берип, улук окутуучу, кошумча – 0I.1944 - 05.1946-жылдары физика-математика факультетинин деканы, кошумча – II.1951 - IX.1951-жылдары институттун директорунун окуу жана илимий иштер боюнча орун басары кызматтарын аркалаган.

Юсупов Ж. IX.1951÷VI.1954-жылдары КМУнун геометрия кафедрасынын башчысынын милдетин аткарып, IX.1954÷IX.1959-жылдары кайрадан физика-математика факультетинин деканы болуп иштеген. 1959-жылдын 22-июнундагы университеттин Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен математикалык анализ кафедрасынын доценти кызматына шайланган.

Мугалимдик жана факультеттин жетекчиси кызматтарын Кыргыз ССРнин агартуу министрлигинин математика боюнча окуу-методикалык Кеңешинин Төрагасы, Кыргыз ССРнин ИАнын Президиумунун астындагы терминологиялык комиссиянын мүчөсү, Кыргыз ССРнин Кыргызокууледмамбас (Киргизучпедгиз) редакциялык кеңешинин физика, математика боюнча мүчөсү милдеттерин дагы аркалаган. 108 басма табак көлөмүндө мектептер жана жогорку окуу жайлары үчүн математика окуу китептерин которуп, 88 басма табак котормолорду рецензиялап, 19,5 басма табак окуу-методикалык эмгектерди жазып, 10 басма табак математикалык терминдердин сөздүгүн түзгөн.

Жаштарга билим берүү тармагында көп жылдык, жемиштүү эмгеги:
“1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн” медалы; СССРдин “Эмгектеги каармандыгы үчүн” медалы; Кыргыз ССР Жогорку Советинин эки Ардак грамотасы; “Кыргыз ССРинин агартуу министрлигинин Эл агартуусунун отличниги” төш белгиси; СССР Жогорку Советинин Президиумунун “Ардак Белгиси” ордени менен белгиленип, “Кыргыз ССРнин Эмгек сиңирген мугалими” ардактуу наамы ыйгарылган.

**СУХОМЛИНОВ ГЕОРГИЙ АКИМОВИЧ (07.07.1906-16.02.1975)** [5] – Россиянын Курск губерниясынын Курск уездинин Медвенка слободасында туулган. 1920-жылы



**Сухомлинов Г.А.**

комсомолдук уюмга кирип, волосттук ячейканын секретары болуп иштеген. 1925-жылы Курск губерниясынын экинчи даражадагы партиялык мектебинде билим алган. 1926-жылдан КПССтин мүчөсү. 1927-1930-жылдары тогуз жылдык орто мектепте коом таануу мугалими болуп иштеп, 1930-жылы М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин (ММУ) механика-математика факультетине окууга өткөн. 1934-жылы университетти аяктагандан кийин ММУнун Математика институтунун аспирантурасына тапшырып, аны 1937-жылдын 14-мартында профессор А.И. Плеснердин жетекчилиги астында физика-математика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн диссертация коргоо менен бүтүргөн. Ошол эле жылдын күзүндө СССР ИАнын В.А.Стеклов атындагы Математика институтунун докторанты болуп кабыл алынган.

1937-жылдын декабрында Георгий Акимович ВКП(б)нын Борбордук Комитети тарабынан Кыргызстанга илимий-педагогикалык ишке атайын жиберилип, М.В. Фрунзе атындагы КМПИде профессордун милдетин аткаруучу, математика кафедрасынын башчысы, ар кайсы жылдары кошумча – физика-математика факультетинин деканы, аспирантуранын башчысы, директордун илимий жана окуу иштери боюнча орун басары кызматтарын аркалаган.

1942-жылдын апрелинде Г.А. Сухомлинов Кызыл Армиянын катарына чакырылып, 1946-жылдын апрелиндеги мобилизация күнүнө чейин кызмат өтөгөн. Ал офицердик кызматтарды ээлеп, Витебск, Кёнигсберг, Манчжурия багыттарындагы салгылашууларга катышкан. Кызыл Жылдыз ордени, I жана II даражадагы Ата Мекендик согуш ордендери, “Кёнигсбергди алгандыгы үчүн”, “Германияны жеңгендиги үчүн”, “Японияны жеңгендиги үчүн”, “Германиянын үстүнөн Жеңиштин 20 жылдыгы” медалдарынын ээси.

Георгий Акимович армиядан демобилизацияланып, Фрунзе шаарына 1946-жылы кайтып келип, 1946-жылдын май айында КМПИнин физика-математика факультетинин математика кафедрасынын башчысы (1954-жыдын августуна чейин) жана кошумча факультеттин деканы (май,1946- 06.11.1948), кийин декандыктын ордуна, кошумча директордун окуу жана илимий иштер боюнча орун басары (22.11.1948-14.09.1949) болуп эмгектенген.

1953-жылы жаңы ачылган техникалык факультеттин деканынын иши ага кошумча жүктөлгөн. 1954-жылдын августунан 1975-жылдын 3-февралына чейин КМУнун техникалык факультетинин базасында жаңы уюштурулган Фрунзедеги политехникалык институтунун (ФПИ) ректору кызматын аркалаган. Инженердик-техникалык, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоого кошкон зор салымы үчүн ага “Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими”, “Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмер”, 1966-жылы профессор наамдары ыйгарылып, 1961-жылы “Эмгек Кызыл Туу”, 1971-жылы “Октябрь Революциясы” ордендери менен сыйланган.

**ФРАНКЛЬ ФЕЛИКС ИСИДОРОВИЧ** (12.03.1905, Вена, Австрия – 07.04. 1961, Нальчик, Кабардин-Балкария) [6] – австриялык жана советтик окумуштуу, техника илимдеринин доктору (1934), физика-математика илимдеринин доктору (1936), Артиллерия илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти (1946), СССРдин теориялык жана прикладдык механика боюнча улуттук комитетинин мүчөсү (1956), математика жана физика тармагындагы эң мыкты илимий натыйжалары үчүн СССР ИАнын Леонард Эйлер атындагы алтын медалы менен сыйланган (1957). 1927-жылы Вена университетинин математика факультетин бүтүрүп, математика боюнча философиянын доктору (Philosop-hiæ Doctor) даражасын (физика-математика илимдеринин кандидаты даражасына барабар) алган (1927). Ал студент кезинен тартып жумушчу кыймылына активдүү катышып, 1928-жылы Австриянын Компартиясынын катарына өткөн.



**Франкль Ф. И.**

1929-жылы Феликс Исидорович белгилүү советтик окумуштуу математик, геофизик О.Ю. Шмидтин жардамы менен СССРге эмиграцияга келген. 1929-1944-жылдары марксисттик математиктердин коому иш алып барган Коммунисттик академияда, Борбордук аэрогидродинамикалык институтта (БАГИ) илимий кызматкер болуп эмгектенип, 1932-жылы ВКП(б)нын мүчөлүгүнө өткөн. 1944-1950-жылдары Феликс Исидорович Ф.Э. Дзержинский атындагы артиллериялык академиянын реактивдик куралдар кафедрасында иштеп, анын корреспондент-мүчөсү болуп шайланган (1946). 1950-жылы “Өтө туура эмес ой жүгүртүүсү” үчүн (илимий

семинарда Сталинди сындаган) куугунтукка алынып, ВКП(б)нын катарынан чыгарылып, Кыргызстанга сүргүнгө айдалган.

1950-жылдан баштап М.В. Фрунзе атындагы КМПИде (24.05.1951-жылдан КМУда) “Теориялык физика” кафедрасынын башчысы болуп эмгектенип, Кыргызстанда релятивисттик газ динамикасынын илимий мектебин негиздеген. Ал жакынкы жана трансүндүк газ динамикасы боюнча бир катар фундаменталдуу изилдөөлөрдү жүргүзүп, газ-динамикалык маселелердин кеңири классын чечүүнүн ыкмаларын иштеп чыккан. КМУда математиканын, механиканын жана теориялык физиканын ар кандай тармактары боюнча изилдөөлөр, биздин доордо алыскы аралыктагы космонавтикада актуалдуу болуп жаткан фотондук ракета кыймылдаткычынын күчүн эсептөө менен активдүү алектенип келген. Бул багыттагы ата мекендик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын көптөгөн эмгектери Ф.И. Франкль тарабынан иштелип чыккан идеяларга жана анын жетишкен натыйжаларына негизделген.

КМУда иштеген 9 жылга жетпеген убакытта Ф.И. Франкль өзүнүн 20га жакын шакирттерин аспирантурада окутуп, илим чөйрөсүнө тартып, кандидаттык диссертацияларын жактоого көмөк көрсөткөн. Көп убакыт өтпөй, ошол окумуштуулар: Абдылдаев А., Абдылдаев М.Ю., Аркабаев Н., Айтмурзаев Т., Арынов А., Бийбосунов И., Виленчик В.А., Дюшеев Э., Ефимов З.Ф., Жаныбеков Ч., Кадыров С., Керимгазиев Э., Садыков С., Саламатов Ж., Усубакунов Р., Чадаева Г., Чернов Ю.П., Шахматов М.П., ж.б. Кыргызстанда физика, математика илимдеринин, билим берүүсүнүн өнүгүүсүнө татыктуу салымдарын кошушкан. Анын окуучуларынын арасынан жалгыз кыз, Гүлсүн Чадаева эжебиз республикада математика багытында аялдардын арасында биринчи болуп “Физика-математика илимдеринин кандидаты” илимий даражасына ээ болгондугун белгилеп кетүү зарыл.

Феликс Исидорович 1956-жылы КПССтин 20-съездинен кийин реабилитацияланып, КПССтин катарына калыбына келтирилген.1959-жылы ден соолугуна байланыштуу Нальчикке көчүп барып, ал жерде өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин Кабардин-Балкар мамлекеттик университетинде эмгектенген.

[3] эмгекте белгиленгендей Феликс Исидорович Нальчикке көчүп кеткенден кийин Ракым агай менен байланышта болуп, анын илимий семинардын ишин жетектеп, өткөрүп жаткандыгына ыраазы болуп, аспиранттарынын макалаларынын кайсыл басылмада, качан жарыяланышын тактап, кеп-кеңешин берип, алыстан болсо дагы жардамын көрсөтүп турган.

Ракым агай жогоруда аты аталган окумуштуу инсандардан сырткары физика – математика факультетинин деканы, кафедра башчысы болуп көп жыл эмгектенген Спекторов Лев Аронович, 1954-1962 – жылдары КМУнун окуу иштери боюнча проректору, кийин кафедра башчысы болуп иштеген Тузов Леонид Васильевич, профессорлор Быков Яков Васильевич, Кривошейин Леонид Евгеньевич ж.б. атактуу инсандардан билим, тарбия алып, чогуу иштешкен.

Мен, Ракым агайды сыртынан өткөн кылымдын 60-жылдарынын баш жагынан бери билүүчүмүн десем, жаңылышпаймын. Анткени университетте ал кишиден билим алып, анын жетекчилигинде дипломдук ишин аткарып, 1955-жылдан тартып Түп районунун Мукай Элебаев атындагы Талды-Суу орто мектебинде математика мугалими, 1962-жылдан 1990-жылга чейин мектептин директорунун окуу иштери боюнча орун басары болуп эмгектенген Ибраев Келгенбай агайыбыз (окуучуларды математика илимине кызыктыруу үчүн болсо керек) окуган университети, факультети, Ракым агай жөнүндө эскерүүлөрүн, жакшы ой-пикирлерин кээде айтып берүүчү. Келгенбай агай 1933-жылдын 10-октябрында Талды-Суу айылында туулган. 1950-жылы мектепти күмүш медалы менен аяктагандан кийин КМПИнин (КМУнун) физика–математика факультетинин “Математика” бөлүмүндө билим алган. Студенттик күндөрүндө физика-математика жаатындагы белгилүү педагог-окумуштуулар И. Еникеев, Ж. Юсупов, Г. Сухомлинов, Ф. Франкль, Я. Быков, А. Егоров, Л. Кривошейн, Р. Усубакунов, ж.б. татыктуу билим, таалим-тарбия алып, окууну ийгиликтүү аяктагандан кийин, Ракым агайдын аспирантурага калып, илим менен алек болуу кеңешине көнбөстөн, мугалим болуп иштөөгө бел байлап, ардактуу эс алууга чыкканга чейин окуучуларга математикадан жогорку деңгээлде билим берип келген. Математика сабагына кызыгып, билим алууга аракет



**Ибраев К.**

жасаган окуучуларга өзүнчө көңүл бөлүп, райондук, областтык олимпиадаларга даярдап, жогорку билимге ээ болуп, өз илимине татыктуу адис болушуна жол ачкан.



Белекова С. Б.

Мектептин ынтымактуу жамаатынын, анын ичинде Ибраев Келгенбайдын тарбия, билим берүүдө талыкпаган аракеттеринин жыйынтыгы, көптөгөн бүтүрүүчүлөрдүн жогорку окуу жайларда билим алышып, республиканын өнөр жай, айыл чарба, билим берүү, саламаттык сактоо, илим изилдөө тармактарында алгылыктуу иштерди жараткандыгы болуп эсептелет [7]. Алардын арасында Келгенбай агайдын мектептеги окуучусу, 1968-1972- жылдары В.В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун математика факультетинде Ракым агай баш болгон залкар математиктерден билим алган Белекова Соня бар. Мектепте окуп жүргөн кезинде эле математиканын татаал теңдемелерин чыгарууга ынтызар болуп, аракетчил окуучу катары байкалып, математика боюнча райондук, областтык олимпиадаларга катышып ийгиликтерге жетишкендигинен болушу керек, институттун баштапкы курстарынан баштап, профессор Ракым Усубакунович уюштурган “Дифференциалдык теңдемелер жана аларды чыгаруунун ыкмалары” багытында изилдөөчүлүк иштерди аткарып, студенттер арасындагы республикалык илимий семинарларга жана конференцияларга билдирүүлөр жана докладдар менен катышып келген. Агайдын жетекчилигинде “Мектептик курста – көптүктөр жана алар менен болгон амалдарды тендеме чыгарууда колдонуу” темасында дипломдук ишти жактаганда, – “Соня, жолдомо боюнча мектептеги милдеттүү эки жылдык мөөнөттү иштеп келип, ушул багытта аспирантурага өтүп, илимий иштер менен алектенсең, жакшы ийгиликтерди жаратууга ой жүгүртүүң, билимиң жетишээрлик, деп айтканы дайыма эсимден кетпейт. Ички ой-дүйнөмдө агайдын айткандарындай болот, деген ишеним болуп келгени менен, турмуш шарт бардык учурда каалагандай мүмкүнчүлүк бербейт экен. Эркек бала болсом, мүмкүн ой-максатым ишке ашат беле, билбейм” ... дейт, Соня Белековна.

Институтту бүтүргөндөн баштап Соня Белековнанын окутуучулук, уюштуруучулук иштери Түп районунун Корумду айлындагы адмирал Марат Темиров атындагы орто мектеп менен байланыштуу. Математика мугалими жана мектеп директорунун окуу иштери боюнча орун басары (завуч) кызматын ардактуу эс алууга чыкканга чейин (2012-жыл) аткарып келген. Жалпы 40 жылдык эмгек жолунда 39 жыл окуу иштерин уюштуруу менен татыктуу алектенүү ар-бир инсандын колунан келе албастыгы айдан ачык жана өз ишине берилип, мугалимдердин, окуучулардын бардыгына бирдей жана керектүү жагдайларда өз алдынча мамиле жасап, ак иштөөнү талап кылаары белгилүү.

Баяндаманын акырында улутубуздун улуу инсандарынын бири Ракым Усубакуновдун асыл эмгегин унутпастан, математика боюнча жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн кыргыз тилинде жазган окуу китептерин толуктап басмадан чыгарып, ал жөнүндө эскерүүлөрдү жазган авторлорго, библиотека, окуу залын түзүп, илимий конференцияларды уюштуруп, өткөрүп турган И.Арабаев атындагы КМУнун физика-математика факультетинин жалпы жамаатына ыраазычылык кана билдире аласың.

### Колдонулган адабияттар

1. Кадышев С. Университеттин 1956-жылдагы физика адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрүнүн жетишкендиктери жөнүндө // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2025, №1, 157-165-б.б.

2. Алиев Ш., Жороев А. Ракым Усубакуновдун окумуштуулук ишмердүүлүгү // Известия вузов Кыргызстана, 2017, № 5, с. 105-107.

3. Алиев Ш., Жороев А. Ракым Усубакуновдун окумуштуулук – окутуучулук ишмердүүлүгү жана мурасы // И.Арабаев атындагы КМУнун басмасы. – Бишкек, 2021, 94-б.

4. Мамбетов Ж. Р. Усубакунов улутубуздун улуу инсаны. – Бишкек: “Бийиктик”, 2014.

5. Ж. Баласагын атындагы КУУнун архиви: Фонд 869, опись №3, Еникеев И.И., Юсупов Ж., Сухомлинов Г.А., Спекторов Л.А., Тузов Л.В.

6. Одинец В.П. О математике из Вены, иммигрировавшем в СССР для строительства “Нового общества” // Вестник Сыктывкарского университета, серия 1: Математика. Механика. Информатика. Вып. 2 (27), 2018, с.71-86.

7. Кадышев С. Институтта жана университетте алган билимдерин актап, мектепте татыктуу билим берген мугалимдерим жөнүндө // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына (S), 2022, 117-127-б.б.